DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Тойчубай кызы Ж., Шаршеналиева Г.А., Жумабаева Н.Т.

2019-2021-ЖЫЛДАР АРАЛЫГЫНДА КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙРЫМ БИР РАЙОНДОРУНУН ЖАШООЧУЛАРЫНДА ВИРУСТУК ГЕПАТИТИНИН ТАРАЛЫШЫНЫН ДИНАМИКАСЫ

Тойчубай кызы Ж., Шаршеналиева Г.А., Жумабаева Н.Т.

ДИНАМИКА РАСПРОСТРАНЕНИЯ ВИРУСНОГО ГЕПАТИТА У ЖИТЕЛЕЙ НЕКОТОРЫХ РАЙОНОВ КЫРГЫЗСТАНА НА ПЕРИОД 2019-2021 ГОДЫ

Toichubai kyzy J., G.A. Sharshenalieva, N.T. Jumabaeva

DYNAMICS OF THE SPREAD OF VIRAL HEPATITIS IN RESIDENTS OF SOME REGIONS OF KYRGYZSTAN IN THE PERIOD 2019-2021

УДК: 57.577

Макалада өнөкөт вирустук гепатит менен ооруган 212 бейтапты эпидемиологиялык изилдөөнүн натыйжалары келтирилген. 2020-жылдын 11 айында Кыргызстанда жаңы аныкталган вирустук гепатиттин 8605 учуру катталды. 2019-жылга салыштырмалуу 2,3 пайызга төмөндөө байкалууда. Ошондой эле вирустук гепатит А менен ооругандардын көпчүлүгү 14 жашка чейинки балдар (88,3 пайыз). Ооруну 2 түрдүү вирустар (А жана Б) козгойт. Бири жугуштуу гепатитти (Боткин оорусун), экинчиси кан сары суу гепатитин козгойт. Алар сырткы чөйрөнүн түрдүү таасирине туруктуу: бөлмө температурасында 1 жыл, суукта 4,5 жылга чейин сакталат. Күн нурунун таасиринен 1,5 саатта, кайнатуудан 30-40 минутада өлөт. Боткин оорусу менен ооругандар заңы менен вирус бөлүп чыгарып айлана-чөйрөнү булгайт. Оорунун козгогучу дени соо кишиге вирус менен булганган тамак-аш, оюнчук, сүлгү, идиш-аяк, жуулбаган кир кол, чымын-чиркей аркылуу; кан сары суу гепатити медициналык аспаптарды чала стерилдөөдөн жугат. Ошондой эле, курч вирустук В гепатитинин 222 учуру катталганы маалымдалган. Былтыр 300 учур катталып, оорунун 26 пайызга азайганы белгиленди.

Негизги сөздөр: *вирустук гепатит, эпидемиологиялык изилдөө, айлана-чөйрө, медициналык аспаптар, динамикасы, ооругандар, тамак-аш, чымын-чиркей.*

В работе представлены результаты эпидемиологического исследования исследование 212 больных с хроническим вирусным гепатитом. За 11 месяцев 2020 года по Кыргызстану зарегистрировано 8 тысяч 605 случаев впервые выявленных вирусных гепатитов. Отмечается снижение по сравнению с 2019 года на 2,3 процента. Заболевание вызывается двумя разными вирусами (А и В). Один вызывает инфекционный гепатит (болезнь Боткина), а другой - гепатит. Они устойчивы к различным воздействиям окружающей среды: 1 год при комнатной температуре и до 4,5 лет на холоде. Погибает через 1,5 часа под солнечным светом и через 30-40 минут после закипания. Люди с болезнью Боткина выделяют вирус с калом и загрязняют окружающую среду. Возбудитель передается здоровому человеку через зараженную пищу, игрушки, полотенца, посуду, немытые руки и комары; Геморрой возникает из-за плохой стерилизации медицинских устройств. А также, что большинство заболевших вирусным гепатитом А - дети до 14 лет (88,3 процента). Сообщается также, что зарегистрировано 222 случая острого вирусного гепатита В. В прошлом году было зафиксировано 300 случаев, отмечено снижение заболеваемости на 26 процентов.

Ключевые слова: *вирусный гепатит, эпидемиологические исследования, окружающая среда, медицинские устройства, динамика, болезни, продукты питания, насекомые.*

The article presents the results of an epidemiological study of 212 patients with chronic viral hepatitis. For 11 months of 2020, 8,605 cases of newly diagnosed viral hepatitis were registered in Kyrgyzstan. There is a decrease in comparison with 2019 by 2.3 percent. The disease is caused by two different viruses (A and B). One causes infectious hepatitis (Botkin's disease) and the other causes hepatitis. They are resistant to various environmental influences: 1 year at room temperature and up to 4.5 years in the cold. Dies after 1.5 hours under sunlight and 30-40 minutes after boiling. People with Botkin's disease excrete the virus in their feces and pollute the environment. The pathogen is transmitted to a healthy person through contaminated food, toys, towels, dishes, unwashed hands and mosquitoes; Hemorrhoids are caused by poor sterilization of medical devices. And also that the majority of cases of viral hepatitis A are children under 14 years of age (88.3 percent). It is also reported that 222 cases of acute viral hepatitis B were registered. Last year, 300 cases were recorded, a decrease in the incidence of 26 percent was noted.

Key words: *viral hepatitis, epidemiological studies, environment, medical devices, dynamics, diseases, food, insects.*

Актуалдуулугу. Вирустук гепатиттин көйгөйлөрү, гепатиттин түрлөрү алардын кеңири жайылышы, өнөкөт вирустук гепатит С, анын ичинде цирроз жана

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

гепатокарцинома менен ооругандардын санынын кыйла көбөйүшү жана ушул оорулардын калктын ден-соолугуна тийгизген эбегейсиз зыяны менен аныкталат [1, 2].

Кыргыз Республикасында өнөкөт вирустук гепатит С (ӨВГС) оорусунун жогорку деңгээли, ӨВГС алдын алууну жана көзөмөлдөөнү уюштурууга тутумдаштырылган мамиленин жоктугу жана эпидемиологиялык маалымат базасынын жоктугу менен байланышкан бир катар чечилбеген көйгөйлөрдүн кесепети болуп саналат. Өнөкөт вирустук гепатит С дарылоо ыкмаларына, ошондой эле тез арада чечүүнү талап кылган лабораториялардын материалдык-техникалык базасына байланыштуу көптөгөн суроолор бар.

Кыргыз Республикасында вирустук гепатиттин эпидемиологиялык жана клиникалык аспектилерин изилдөөлөрүнүн ошондой эле биохимиялык анализдин негизинде курч болгон түрлөрү B, D жана C гепатиттерине арналган, бирок өнөкөт вирустук С гепатитинин эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө дагы эле чечиле элек көйгөй бойдон калууда [3].

Өлкөнүн байкоо тутумунда аталган патологиянын жетишсиздигинен, бул изилдөөнүн актуалдуулугу шек туудурбайт, бирок алдын-алуунун жана дарылоонун натыйжалуу ыкмаларын уюштуруу үчүн белгилүү бир кыйынчылыктар жаралат.

Материалдар жана изилдөө методдору. Бул иш "Профилактикалык медицина" бейөкмөт уюмунун вирустук инфекциялардын маалымдама лабораториясында жүргүзүлдү. Биздин көзөмөлүбүздө өнөкөт вирустук гепатит С менен ооруган 212 бейтап болгон. Бейтаптарды эпидемиологиялык текшерүү жалпы кабыл алынган ыкма боюнча, атайын иштелип чыккан тематикалык картаны колдонуу менен жүргүзүлгөн.

Өнөкөт вирустук гепатиттин этиологиялык факторун лабораториялык декоддоо серологиялык ыкмаларды колдонуу жана вирустук инфекциялардын диагностикасы менен алектенген Республикалык маалымдама лабораториясында жүргүзүлдү ("Превентивдик медицина" бейөкмөт уюму).

Бейтаптардын кан сыворотка сасы вирустук гепатит GA (anti-HAV-IgM), GV (HBsAg, HBc-IgM, IgG, HBeAg), GD, HDV-IgM. (HDV-IgM) болушун аныктоо үчүн ферменттик иммуносорбенттик анализ (ФИА) менен талданган.

Изилдөө материалдарын статистикалык иштетүү EPIINFO компьютердик программасына ылайык салыштырмалуу көрсөткүчтөрдү жана орточо маанилерди эсептөө жолу менен жүргүзүлдү, алардын айырмачылыгынын ишенимдүүлүгү студенттин критерийлерин эсептөө менен аныкталды.

Изилдөөнүн натыйжалары. Өнөкөт вирустук гепатит С эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрүн изилдөө 2015-жылдан 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин амбулатордук тармагындагы жана стационардык мекемелериндеги 212 бейтаптын байкоолорунун негизинде жүргүзүлдү. ВГС оорусу менен ооругандардын санынын бөлүштүрүлүшүнүн жаш курагы 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.



1-сүрөт. Ооругандардын жаш курагы менен бөлүштүрүлүшү ВГС (n=212).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

1-сүрөттө көрсөтүлгөн маалыматтар боюнча, эпидемиялык процесстин жүрүшү 31-60 жаш курагында эң активдүү жүрүп, 41-50 жаштагы пациенттердин жигердүүлүгүнүн туу чокусу байкалган (жалпы оорулардын 30,4%). 61-80 жаштагы курактагы пациенттердин 8% гана түзгөн. 14 жашка чейинки балдардын ВГС учурларынын 3,6% гана түзгөндүгүн белгилей кетүү маанилүү. Оорунун ичинен негизинен аялдар - 67,4%, эркектер - 32,6% түзөт.

Оорулуулардын этникалык курамында кыргыздар 72,4%, орустар - 13,7%, өзбектер - 9,4%, башкалар - 4,4% бейтаптарды түзүшкөн. Бул вирустун кайсы бир улутка басымдуулук кылган тропизминин сүрөтүн чагылдырбайт жана бул маалыматтар республиканын калкынын этникалык түзүлүшү, курамы жана көлөмү менен байланыштуу.

Эпидемиялык процесс шаарларда жашаган пациенттерге эң көп сезилет. Шаар ичинде 55,0%, ал эми айыл жеринде - 45,0%. Калктын көп жашаган жеринен С гепатитине чалдыгуудагы айырмачылыктар анча-мынча болгон. ВГС эпидемиологиялык мүнөздөмөсүнүн өзгөчөлүгү бул инфекциянын ар кандай булактарынын болушу.

Көптөгөн изилдөөчүлөрдүн айтымында 90% ВГС парентералдык жугуу жолу менен байланыштуу. Бирдиктүү анализди колдонуп, биздин изилдөөлөр көрсөткөндөй бул көрсөткүч 63.0% түзөт. Учурда инфекциянын себептери ооз көндөйүнүн санитариясына байланыштуу (RR = 3,4; P <0,05). Адабий маалыматтарга караганда ГС вирусунун парентералдык эмес таралышы азырынча жетиштүү изилдене элек. Биздин маалыматтар боюнча бейтаптардын 7,2% үй-бүлөдө инфекциянын келип чыгуу себеби катары контакттын бар экендигин көрсөткөн (RR = 5.3; P <0.05).

ВГС оорусуна чейин, бейтаптар ар кандай медициналык мекемелерде дарыланып келишкен (2-сүрөт). Бейтаптар стоматологиялык клиникаларга кайрылып келгени 59,4% болгон. Ооруканаларда жана амбулатордук дарылоодо хирургиялык жардамдын негизинде 47,8% жана 38,4% түзгөн. Ал эми терапиялык бөлүмдө бул көрсөткүч 0,7% түзөт.



2-сүрөт. Саламаттыкты сактоо мекемелеринде дарыланган пациенттердин ВГСга чейинки бөлүштүрүлүшү (n = 212).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

3-сүрөттө бейтаптардын билим деңгээли жөнүндө маалымат келтирилген. Эң ири топту жогорку билимдүү бейтаптар түзгөн - 42,0%. Андан кийин орто билимдүү пациенттер - 30,1%, бул алардын ден-соолугуна болгон мамилесин жана медициналык мекемелерге тез-тез келип туруусун алдын алуу жана дарылоо максатында чагылдырган.



3-сүрөт. Гепатит С менен ооругандардын алган билими боюнча бөлүштүрүлүшү (n = 212).

"Тобокелдик топтору" маселесин чечүү жана аларды аныктоо ВГС менен ооруган адамдарды өз убагында табууну жана дарылоону жакшыртат. Ушул топтор ВИЧ-инфекциясын алдын алууга багытталган иш-чаралардын комплексин иштеп чыгат жана жүзөгө ашырат.

Биздин маалыматтарга ылайык, ВГС инфекциясынын жогорку тобокелдигине медицина кызматкерлери, хирургиялык жана реанимациялык бөлүмдөрдүн кызматкерлери иштеп жаткан акушер-гинеколог-дор, лабораториянын кызматкерлери жана медайымдар кабылышкан. Башкача айтканда, бул алардын ишинде кан менен байланышкан адамдар болгон. Бул топто ВГС 23,7% түзгөн. Белгилей кетүүчү нерсе, анти-ВГС менен ооругандыгы аныкталган 17 медициналык кызматкерлердин арасында 10 жылдан ашык эмгек стажы бар адамдар болгон.

Өнөкөт гепатит С оорусунун жайылуу деңгээлин изилдөө бейтаптардын социалдык абалына жараша аныкталган. Жумушсуздардын арасында оорунун эң жогорку деңгээли 36,9% түзөт. Андан кийин медицина кызматкерлери 23,7% (4-сүрөт). Ошондой эле бейтаптардын арасынан баңги затын сайган адамдар да аныкталганы абдан өкүнүчтүү болуп турат.

Диспансердик байкоонун негизинде өнөкөт С гепатити аныкталган бейтаптын 1 жыл ичинде медициналык жардамга болгон суроо-талабынын жогору экендигин көрсөтүп турат. Бул көрсөткүч бейтаптардын 58,4% түзгөн. Ал эми бейтаптардын 16,1% ВИЧ табылгандан кийин 2 жыл ичинде гана дарыгерге кайрылышкан.

Өнөкөт вирустук гепатиттин тарыхына кайрылсак, гепатит С менен ооруган бейтаптардын 7,2% ачуу гепатит вирусун түзсө, ал эми 92,8% ошол вирусту женип чыккандарды түзгөн.

Эпидемиялык көрсөткүчкө ылайык, ВГС оорусунун көрсөткүчү республиканын аймактары боюнча бирдей эмес таралышы менен мүнөздөлөт. Бишкек шаарында оорулардын максималдуу көрсөткүчү байкалып, 42,7% түзөт. Бул деген гепатит диагнозунун лабораториялык жеткиликтүүлүгүн жана дарыгерлердин жогорку квалификациясын көрсөтүп турат. Экинчи жана үчүнчү орундарда Жалал-Абад жана Ош облустары экени аныкталды (22,5% жана 19,5%). Республиканын башка региондорунда оорунун көрсөткүчтөрү төмөн болгон, бул ВГС лабораториялык диагностикасынын сапатын жогорулатуу зарыл экендигин түшүндүрөт (5-сүрөт).

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



4-сүрөт. Гепатит С менен ооруган адамдардын кесиби жана иштеген жери боюнча бөлүштүрүлүшү (n = 212).



5-сүрөт. Кыргыз Республикасынын региондору боюнча ВГС оорусунун көрсөткүчү.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

РЕГИОН	Гепатит А									
	2019				2020				2020 к 2019 (-,+;абс.чис)	
	аб.число		инт.пок.		аб.число		инт.пок.			
	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	Всего	0-14лет	всего	0-14 лет
г.Бишкек	651	509	62,8	169,6	373	274	35,2	91,3	-278	-235
г.Ош	372	321	122,4	328,2	156	135	49,4	138,0	-216	-186
Баткенская	840	774	153,7	416,3	714	677	132,0	364,1	-126	-97
Джалал-Абадская	1792	1603	146,6	386,9	981	901	78,7	217,5	-811	-702
Иссык-Кульская	52	32	10,6	20,5	48	22	9,6	14,1	-4	-10
Нарынская	92	75	310	77,8	53	32	18,3	33,2	-39	-43
Ошская	1602	1490	118,6	312,9	994	909	72,3	190,9	-608	-581
Таласская	125	110	47,2	117,6	40	34	14,9	36,4	-85	-76
Чуйская	649	486	68,5	164,9	323	245	33,5	83,1	-326	-241
МВД	1	0	0,0	0,0	1	0	0,0	0,0	0	0
ГСИН	0	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	0	0
ЖДСЭС	0	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	0	0
РЕСПУБЛИКА	**6176**	**5400**	**96,0**	**255,3**	**3683**	**3229**	**56,1**	**152,7**	**-2493**	**-2171**

РЕГИОН	Гепатит В									
	2019				2020				2020 к 2019 (-,+;абс.чис)	
	аб.число		инт.пок.		аб.число		инт.пок.			
	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14лет	всего	0-14 лет
г.Бишкек	44	0	4,2	0,0	32	0	3,0	0,0	-12	0
г.Ош	12	0	3,9	0,0	0	0	0,0	0,0	-12	0
Бахкенская	21	0	4,0	0,0	7	0	1,3	0,0	-14	0
Джалал-Абадская	31	0	2,5	0,0	12	0	1,0	0,0	-19	0
Иссык-Кульская	10	0	2,0	0,0	4	0	0,8	0,0	-6	0
Нарынская	5	0	1,7	0,0	4	0	1,4	0,0	-1	0
Ошская	40	2	3,0	0,4	19	1	1,4	0,2	-21	-1
Таласская	4	0	1,5	0,0	0	0	0,0	0,0	-4	0
Чуйская	35	2	3,7	0,7	21	0	2,2	0,0	-14	-2
МВД	2	0	0,0	0,0	1	0	0,0	0,0	-1	0
ГСИН	0	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	0	0
ЖДСЭС	0	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	0	0
РЕСПУБЛИКА	**204**	**4**	**3,2**	**0,2**	**100**	**1**	**1,5**	**0,0**	**-104**	**-3**

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

РЕГИОН	Обшая киш.группа									
	2019				2020				2020 к 2019 (-,+;абс.чис)	
	аб.число		инт.пок.		аб.число		инт.пок.	аб.число	всего	0-14 лет
	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет		
г.Бишкек	4507	3751	435,1	1250,0	1288	1146	121,5	381,9	-3219	-2605
г. Ош	917	875	301,7	894,7	198	191	62,7	195,3	-719	-684
Баткенская	3315	2867	626,4	1541,9	1264	1144	233,7	615,2	-2051	-1723
Джалал-Абадская	642 8	5729	525,8	1382,7	2350	2019	188,6	487,3	4078	-3710
Иссык-Кульская	2459	1981	499,8	1268,2	786	653	157,8	418,0	-1673	-1328
Нарынская	1290	1020	448,1	1057,9	364	284	125,4	294,6	-926	-736
Ошская	3833	3339	283,8	701,1	1097	938	79,7	197,0	-2736	-2401
Таласская	1101	907	415,8	970,0	358	308	1333	329,4	-743	-599
Чуйская	4182	3593	441,5	1218,9	1403	1179	145,4	400,0	-2779	-2414
МВД	91	1	0f0	0,0	19	0	0,0	0,0	-72	-1
ГСИН	9	0	0,0	0,0	1	0	0,0	0,0	-8	0
ЖД СЭС	6	3	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	-6	-3
РЕСПУБЛИКА	**28138**	**24066**	**437,3**	**1137,7**	**9128**	**7862**	**139,1**	**371,7**	**-19010**	**-16204**

РЕГИОН	Вирусные гепатиты									
	2019				2020				2020 к 2019 (-,+;абс.чис)	
	аб.число		инт.пок.		аб.число		инт.пок.		всего	0-14 лет
	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет	всего	0-14 лет		
г.Бишкек	740	516	71,4	172,0	409	274	38,6	913	-331	-242
г. Ош	397	321	130,6	328,2	156	135	49,4	138,0	-241	-186
Баткенская	871	775	164,6	416,8	722	677	133,5	364,1	-149	-98
Джалал-Абадская	1924	1655	157,4	399,4	996	901	79,9	217,5	-928	-754
Иссык-Кульская	67	32	13,6	20,5	53	22	10,6	14,1	-14	-10
Нарынская	98	75	34,0	77,8	57	32	19,6	333	-41	-43
Ошская	1675	1494	124,0	313,7	1023	911	74,4	191,3	-652	583
Таласская	129	110	48,7	117,6	40	34	14,9	36,4	-89	-76
Чуйская	694	490	733	166,2	348	245	36,1	83,1	-346	-245
МВД	4	0	0,0	0,0	2	0	0,0	0,0	-2	0
ГСИН	1	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	-1	0
ЖД СЭС	0	0	0,0	0,0	0	0	0,0	0,0	0	0
РЕСПУБЛИКА	**6600**	**5468**	**102,6**	**258,5**	**3806**	**3231**	**58,0**	**152,7**	**-2794**	**-2237**

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Ошентип, ВГС оорусунун эпидемиологиялык көрсөткүчтөрүн талдоо республиканын аймактарында бул инфекциянын жайылышынын мыйзам ченемдүүлүктөрүн белгилөөгө мүмкүндүк берди. ВИЧтин таралышы лабораторияда диагноз коюуга жана дарыгерлердин квалификациясына ээ болгон ооруканаларда гана аныкталган. Калктын эң көп жабыр тарткан курагы 41-50 жаштагылар (жалпы оорулардын 30,4%). Вирустун парентералдык жолу (87,1%), парентералдык эмес жолго салыштырмалуу (12,9%) басымдуулук кылган. Бардык тобокелдик факторлорунун ичинен оозду тазалоо ВГС инфекциясынын башкы себеби болгон (63%; RR = 3.4; P <0.05). Ошондой эле жумушсуз контингенттин арасында ВГС кеңири жайылганы байкалган, алардын катарына ПИН кирген (36,9%). Андан сырткары жумуш учурунда кан менен байланышта болгон медициналык кызматкерлердин арасында (23,7%) ВГС кеңири жайылышы аныкталды. Өнөкөт гепатит С менен ооругандардын ичинен 74,8% гана РНК аныкталган жана Кыргызстандын аймагында ушул вирустун 1b генотипинин басымдуу жүгүртүлүшү ачыкка чыккан жана бул 39,9% түзгөн.

Адабияттар:

1. Еналеева Д.Ш., Фазылов В.Х., Созинов А.С. Гепатит вирусу В, С и D. - М.: ГЭОТАР-Медиа, 2015. - С.42-86.
2. Шифф Ю.Р., Соррел М.Ф., Мэддрей У.С. Боор оорусу боюнча. Вирустук гепатит жана холестатикалык боор оорулары (англ. тилинен которулду акад. РАМН Ивашкина В.Т., Климовой Е.А., Никитина И.Г., Широковой Е.Н.). - М.: ГЭОТАР-Медиа, 2013. - С. 164-335.
3. Суранбаева Г.С. Кыргыз Республикасында өнөкөт вирустук гепатиттин клиникалык-эпидемиологиялык өзгөчөлүктөрү. - М., 2011. С.66-68.